# МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ



**РЕСПУБЛИКАЛЫК «МАНАС» ЖАШТАР ОРДОСУ**

# МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ

***Уркаш Мамбеталиевдин варианты боюнча***

**Бишкек – 2011-жыл**

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)
М 23

Манасчы Уркаш Мамбеталиевдин үй-бүлөсү Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлигине караштуу Республикалык «Манас» жаштар ордосунун жамаатына жана жетекчилигине терең ыраазычылык билдирет

**М 23 Манастын төрөлүшү жана балалык чагы.**
/ У. Мамбеталиевдин варианты б-ча; Республикалык "Манас" жаштар ордосу, - Б.: "Кут Бер" 2011. -72 б.

ISBN 978-9967-446-49-6

Бул китеп Республикалык «Манас» жаштар ордосу тарабынан жарыкка чыгып, орто жана жогорку окуу жайларынын окуучулары үчүн сунушталат.

Кыргыз элинин руханий улуу мурасы болгон «Манас» дастанынан «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» аттуу үзүндү жарык көрүүдө.

М 4702300500-11

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-446-49-6

© Республикалык «Манас» жаштар ордосу
©Мамбеталиев У., 2011

## Өмүр баян

Атабыз Уркаш Мамбеталиев 1934-жылы 8-мартта Ысык–Көл областынын Түп районундагы «Талды-Суу» айылында туулган. Чоң Атабыз – Мамбетаалы Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон. Боору бүтүп, боконосу ката элек атам он жашынан баштап, Манас айта баштайт. Анын себеби түш көрүп, түшүнөн Бакай атабыздан бата алып, Манас канга ант бериптир. Ошол күндөн тартып «Манас» айта баштаптыр. Айылда атабызга - бала манасчы ат конуптур. Бирок, бул азыр оңой эле көрүнөт: «Түш көрүп - Манас айтты», - деп. Анын ортосунда да, башында да өзгөчө окуя, жана себептер орун тааптыр. Эми бул өзүнчө окуя, буюрса алдыда жарык көрүп окурмандарга сунушталат. Ошол кезде улуу манасчы Саякбайдан бата алып манасчылыгы ачылып баштайт.



Атабыз мектептен жети классты аяктаган соң, Фрунзе шаарындагы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайына өтөт. Кийин Ысык–Көл областтык драма театрында актер болуп иштеди. Андан кийин Токтогул Сатылганов атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү кыргыз филармониясына манасчы – солист катары кабыл алынат. Ошол жерде өмүр бою иштеген.

«Манас» эпосунун бир топ эпизоддорун Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын «Манас» секторуна жазып өткөргөн. Кызык, он жети жашында, Уркаш атабыз, ал кезде жаш бала-манасчы, чыгармачылык күчкө толо элек кезинде «Манас» эпосуна өзүнүн вариантын жазган. Ал чыгарманы жазууда ага



манасчы, акын Ыбрай Абдрахманов көп кеңеш жана сынчы да болуп жардам берген. Албетте, ошол варианты окурмандарга, элге тараса кызык болот эле. Буюрса анын да кезеги келет.

Уркаш Мамбеталиевдин эки өнөрдү эриш – аркак алып жүрүү менен бирге, жаш муундарга кыргыз сөзүнүн байыркы үлгүсүндө тарбия берүү жаатындагы таасири зор.

Кыргыз радиосунун Алтын фондуна Уркаш Мамбеталиевдин айтуусунда: «Манастын төрөлүшү», «Алмамбет менен Чубактын жол талашы», «Кошой менен Жолойдун күрөшү», «Каныкейдин Тайторуну чабышы» жана «Эр Төштүктүн» үзүндүсү алынган.

Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевге арналган «Манастын» мотивиндеги «Чолпонбай» дастаны угармандардын жан дүйнөсүнөн өзгөчө орун ээлеген. Бул чыгарма угармандарга жакшы белгилүү. Ошондой эле, улуу эпостун мотивинде «Сталинград майданы» деген поэмасы жаралган. Эки поэмасы элге таралып, угармандардын арасында бийик бааланган.

Деги Уркаш Атабыздын акынчылыгы бир топ жолу Улуу Ата Мекендик согушуна арналган. Анын себеби белгилүү, анткени, ошол муундун бир тобу майдандан аталарын, агаларын жоготууга учураган. Негизи, экинчи дүйнөлүк согуш бүткүл совет элдеринин тарыхынан өзгөчө түбөлүккө орун ээлеп калганы поэзиясына таасир берди. Уркаш Мамбеталиев манасчы гана эмес, ал өз үнү бар акын болчу, кээ бир сынчылардын айтымында, «кыргыз журтчулугунун сүймөнчүктүү эрке акыны».

Анын калеминен «Көктөм» (1968-ж.), «Жол ырлары» (1972-ж.) «Тоо жылдызы» (1975-ж.), «Ашуу» (1979-ж.) «Алтын аяк» (1982-ж.), «Тулпар» (1982). Ырлар жана поэмалар чон жыйнактары да бир топ жолу жарык көрдү. Алардын ичинде - «Таазим» (1984-ж.), «Арча жыты» (1994-ж.), «Кабылан курак дүбүртү» (2005-ж.). Атабыздын озунун вариантынан эки ирет (редакция) «Семетей» эпосу көз жарган (2000-ж. жана 2010-ж.).

Улуу манасчылардын чыйырын үзбөй улаган, атабыздын өнөрүнө жакынкы өлкөлөр менен бирге Япония, Италия, Түркия, Россия, Кытай, Швеция, Бельгия, Пакистан, Ооганстан, сыяктуу алыскы чет өлкөлөрдүн көрүүчүлөрү да күбө болушуп, маашырлана кол чабышканы, кыргыз эли үчүн зор сый-урмат. Өзгөчө чыгармачыгылына таасир көрсөткөнү - бул Алтай жерин, Хакасияны кыдырып чыкканы болду.

Кыргыздын илгериден ата-бабалардан калган бир салты – бул бата тилеп, бата берүү. Тагдыр кызыгы, күндөрдүн биринде Уркаш атабыз көлдөн (айылдан) шаарга келе жатып, талантын зор көргөн Ыбыкеева Анара эже менен жол жүрүп калат экен. Анан, ошол эжебиздин он беш жаштагы Бакыт деген уулуна батасын бериптир. Жылдар өтүп, ошол бала, элибиздин көрүнүктүү жигити болуп, элим деп, Манасым деп кызмат өтөп жаткандардын бири. Ал - Бакыт Романов азыркы учурда Республикалык «Манас» жаштар ордосунун директору. Бүгүнкү күндө, Бакыт иним ушул атамдын акыркы чыкпай калган чыгармасын өз демилгеси менен жарыкка чыгарып жатат.

Бакытка үй-бүлөмдүн атынан ыраазычылыгымды билдирип, бакыт-таалай, узун өмүр каалайм! Келечегиң кең болсун! Манас атабыздын, Уркаш атабыздын арбагы колдоп жүрсүн!

У. Мамбеталиев 1982-жылы СССР Жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. «Манас» эпосун эл арасына жайылтуудагы көп жылдык эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Уркаш атабыз алп бабалардын арбагы үчүн жана Манас атабыздын эрдигин өмүр бою даңазалап, жасаган рухий кызматы Кыргыз Өкмөтүнөн жана эл тарабынан бааланып, үчүнчү даражадагы Манас ордени менен сыйланган (2004-ж).

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эл артисти (1994-ж.), Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти деген наамдар ыйгарылган (1991-ж.). 1982-жылы СССР жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. Эл аралык интеллектуалдык коомунун Алтын медалы менен сыйланган (2010-ж.).

«Манас» эпосунун миң жылдыгына карата, «Манас» медалы менен өкмөт тарабынан сыйланган.

Мындан тышкары Уркаш Мамбеталиев бир топ эл аралык жана коомдук сыйларга ээ болгон. Алардын ичинен өзгөчө сыймыктанганы – бул «Эл манасчысы» жана «Залкар Манасчы» наамдарына ээ болгону (2011-ж.).

Ушу менен сөздү аяктап «Манастын төрөлүшү жана бала чагы» чыгып жатканда, Атама арналган ырымдан эки сап үзүндү менен коштоп койгум келет:

Манаска берген Антыңды
Асыл Ата аткардың!
Каныкей сунган кымызды
«Манас» төгүп актадың!
Кайран дүйнө кош болсун!
Уркаштан калды «Манасы»
Эки дүйнө чегинде
Тосуп алып баласын
Жараткандын буйругун
Берген сөзүн аткарып
Желмаянга учкашып
Алып кетти Бакай Уркашын!

**Үй-бүлөмдүн атынан**
**Мамбеталиев Канат Уркаш уулу**
**Кыргыз Республикасынын**
**Дене маданиятынын**
**жана спорттун эмгек сиңирген**
**кызматкери, профессор**

# АЛГЫ СӨЗ

Кыргыздар дүйнө элдеринин арасындагы эң ынтымактуу, берешен, кемчилик кетсе кечире билген, башка элдерге кара санабаган, бөтөндү бооруна тарта алган, тектеш туугандарга кыйынчылыктарда жардамын аябаган эл экендигибизди тарыхтагы мисалдар тастыктап турат. Бир эле мисал, сырттан жоо келгенде «мен кыргызмын!» деген атуул, бири-бирине болгон таарынычын унутуп, бир муштумдай түйүлүп, душманга сокку урушат.

Ал эми ар бир кыргыздын баатырына Жараткан бир өзү жана Манас атабыздын арбагы дем, күч, кайрат берип тураарын жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн сезе билебиз, ишенебиз, колдоосун суранабыз. Демек, бул мистика эмес, кашкайган чындык. Сырдуу дүйнө сырдуу бойдон кала берет. Ал дүйнө ошонусу менен күчтүү жана сүрдүү.

Мына ошол Манас дүйнөсүнө бүт тулку бою, аң сезими менен сүңгүп кирип, өмүрүнүн акыркы демине чейин Баатыр атабыз Манасты даңазалап өткөн Залкар манасчыларыбыздын бири Уркаш Мамбетаалы уулу. Уркаш Мамбетаалы уулунун манасчы катары эл оозунда не деген уламыштар гана айтылып келет: табиятынан кишинин көңүлүн оорутпаган, адамга катуу айтпаган, таарыныч эмне экенин билбеген, эл үчүн кызмат кылуу дегенде ичкен ашын таштап коюп кете берген жана эң башкысы, Манас атабыздын эрдиктерин дүйнө жүзүнө жар салуудан тажабаган инсан эле.

Урматтуу окурман, Уркаш манасчынын колуңуздардагы китебинде өзүнүн айткан варианты боюнча жазылган Манастагы бул окуя илимий өңүттөн алып караганда, кандайдыр бир көркөмдүк касиетке ээ экендигин дароо байкаса болот, өзгөчө өспүрүмдөр жана жаштар үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү тил менен баяндалган.

Манасчынын эл үчүн кылган эмгектери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан да бааланып, 3-даражадагы Манас ордени ж.б. сыйлыктар менен сыйланып, «Эл артисти» деген жогорку наамга татыктуу болгон. Андан сырткары коомчулуктун да көз жаздымында калбай «Улуу

Баян» коомдук фонду негиздеген «Эл манасчысы» наамынын жана «Залкар манасчы» сыйлыгынын ээси болуу менен бирге, аталган фонддон ай сайын өмүрү өткүчө 2000 (эки миң) сомдон стипендия алып турду.

Уркаш Мамбетаалы уулунун өзүнүн варианты боюнча Манас үчилтигинин Семетей бөлүгүн кагаз бетине түшүрүп, китеп кылып чыгарып, келечек муунга таберик катары калтырып кетти. Сексен жашка таяп барса да өмүрү таяк таянбай, төшөккө жатып калуу деген эмне экенин билбей, өзү кандай шар жүрсө, дал ошондой шар кете берди.

Акыркы жолу биздин «Улуу Баян» коомдук фондунун стипендиясын алганы келгенде адаттагыдай күлүп жайнап, башынан өткөн окуялардан кеп салып, бир топко олтурду, анан: «Манастын балалык чагын» кичиникей китепче кылып жазып койдум эле, ушул китепти чыгарганга мүмкүнчүлүк болобу?», деп сурап калды. Мен дароо: «Чыгарып беребиз!», - дедим. Уркаш ата сүйүнгөнүнөн бата тилеп жиберди да: «Андай болсо жакшы иш болот» деди. «Өспүрүмдөр, студенттер, жаш окумуштуулар жана жаштар үчүн бул чоң табылга болуп калмак», - деп кудуңдаган боюнча стипендиясын алып, үйүн көздөй шашыла жөнөдү. Ошол бойдон мен Уркаш манасчыны көргөн жокмун. Көрсө мен ал кишинин акыркы аманатын алып калыптырмын. Бул да болсо буйрук. Уркаш манасчы дээрлик өмүрүнүн бардыгын Манас айтууга жумшаса да, ал кишинин айткан Манасы толук вариант болуп жарыкка чыккан жок. Болгону концерттерде, фестивалдарда, кароо-сынактарда айткан учурлары гана жазылып калынды. Ал байлык чогулткан жок, бийликке умтулган жок, Манасын гана айтып өттү.

Мына эми азыркы Сиздердин колуңуздардагы китеби жарык көрдү. Өзүнүн көзү көрүп калса, кандай гана бактылуу болоор эле. Арбагы ыраазы болсун демекчимин.

**Республикалык «Манас»**
**жаштар ордосунун директору**
**«Улуу Баян» коомдук**
**Фондунун негиздөөчүсү**
**Бакыт Романов**

## Кириш сөз

Кечээ, XIX кылымда эле «чыныгы» эпикалык доорун башынан кечирип жаткан кыргыздарда да (В.В. Радлов) Октябрь революциясынан кийин профессионалдык жазма адабияттын өнүгүшү менен эпос жанры өзүнүн өнүгүшүн токтото баштаганы байкалат. Демек, окумуштуулар биздин замандын улуу манасчысы Саякбай Каралаевди «могикандардын эң акыркысы» деп аташы бекеринен эмес. Бирок күргүштөп аккан зор дарыя кандай тоскоолдукка туш келбесин, өзүнүн агуусун токтото койбогон сыяктуу эле, бүгүнкү күндө «Манас» оозеки жашоосун дагы эле улантып, эл арасында таланттуу адамдар тарабынан сүйүмөнчүлүк менен айтылууда. Ошол улуу сөздүн учугун улап, азыркы учурда эл арасында чыныгы манасчы атка конуп, кадыр-барк тапкан таланттардын бири - Уркаш Мамбеталиев.

Окурмандарга сунуш кылынып отурган анын айтуусундагы «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» анын талантынан толук кабар берет. Бул эпизод сюжеттик түзүлүшү жагынан улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантына жакын болгону менен көркөм каражаттары жагынан толук өзгөчөлүккө ээ.

**Р. Сарыпбеков**
**Кыргыз Республикасынын**
**Илимдер Улуттук Академиясынын**
**«Манас» бөлүмүнүн ага**
**илимий кызматкери**

## ЖАКЫПТЫН ТҮШ КӨРҮШҮ

Манастын түпкү аталарынын бири, калкына Ала-Тоодой коргон болгон, ары даанышман, жоосуна айбат, айбарлуу Каракандын көзү өткөн соң кытайдын каарлуу калк башчылары Молтокан менен Эсенкан баштаган кара селдей кайнаган калың кошууну кыргыздарды капилет басып, кызыл уук кылып, талоондоп, башына күн түшүрө катуу кыргынга учуратат. Бирин от күйгөн кара чөлгө, бирин күн табы өткүс муз деңизине чейин сүргүндөп, чилдей таратат. Ошондо Жакып баштаган кырк үйлүү кыргыз Алтайга айдалат. Жакып жер бага билбес калмактардын айдыңдуу талаасына буурусун изин чөгөрүп, эгин эгип, табак буудайын тайга, кочуш буудайын койго сатып, чириген бай болот. Бирок эки зайбынын этеги канабай, бала караанына зар болот. Күндөрдүн бир күнүндө Кудайга мунаажат кылып, айылдан ары түштүк жол чынар мазарга зыяраттап барып, Теңирден перзент тилеп, зар кага олтуруп үргүлөп кетип, төмөнкүдөй түш көрөт. Түшүндө жышааналуу жакшы иш көрөт.

Сан казына пулу бар,
Сан отунчу кулу бар.
Ошондо да Жакыбың,
Көрбөдүм деп бир туяк,
Көкүрөктө муңу бар:
Малым түмөн, жер башка,
Манжуу, калмак эл башка.
Жайыт башка, суу башка,
Жаалына алса жабылып,
Жабыр түшөөр куу башка.
Куруп кетсин кара кой,
Кумурскадай толгонуң.
Каптаса бир күн кара сел,
Карматпай агаар коргоолуң.

Кайнаган кыргыз журтум жок,
Каруусу толо булчуң жок.
Калың кытай каптаса,
Каяша берээр курчум жок.
Урушка кирээр чамам жок,
Урааным айтаар балам жок.
Бай аталып чалкайып,
Батпай жерге даңкайып,
Басып жүрөм амал жок.
Учу тоодо жайытым,
Бийик болуп баратат.
Үйрөтүлбөй азоосу,
Кийик болуп баратат.
Токсон бир үйүр сур жылкы,
Токум тийбес кур жылкы.
Ток этип чыкпай үн бүтүп,
Томпойсом жерге күн бүтүп.
Калмакка талон түшпөсө,
Кайрып айдайт ким күтүп?
Алтайлык, келе! - деп турат.
Алтымыш байтал, миң кундуз,
Алым алып жеп турат.
Айтканына көнбөсөң,
Жана кошуп жүз жорго,
Жайыт үчүн бербесең,
Төө басты кылып сойлотот,
Төбөңө камчы ойнотот.
Түмөн жылкы мээси жок,
Түнөп калса талаада,
Түгөлдөп алаар ээси жок.
Калың жылкы мээси жок,
Каңгайлык тийсе капталдан,
Кайрып алаар ээси жок.
Аны ойлонуп Жакыптын,

Санаасы сайлап бөлүнүп.
Камчы жебей, ок тийбей,
Кабырга сөөгү сөгүлүп.
Туташкан кара тоо жакка,
Туучунагын теминип.
Мазар чынар ошондо,
Чын олуядай көрүнүп.
Мунаажат кылып Кудайга,
Буркурап жашы төгүлүп.
Касиеттүү чынардан,
Каралды сурап эгилип.
Адамча кебин урганы,
Арманын айтып турганы:
Бай аталып байыдым,
Баары урматтайт айылым.
Бала көрбөй бирок да,
Мазар койбой тайыдым.
Этегинен жалгабай,
Эки бирдей зайыбым.
Карылык жашын кошкону,
Кайыңдай катып бейбактар,
Канабай согончоктору.
Туусу пастап бул башым,
Туяксыз өтөм окшоду.
Элүүдөн жашым ашыптыр,
Ээгимди сакал басыптыр.
Карганча көрбөй бир перзент,
Кайгыдан сөөгүм жашыптыр.
Кан Жакып куубаш аталып,
Кадемим минтип катыптыр.
Үңкүрлөрүм үймө алтын,
Үкөктөрүм түймө алтын.
Бала деп бейлеп билалбай,
Манаттан жапкан үй баркын.

Сыйынганым суу болуп,
Тайынганым таш болуп.
Тарп издеп учкан кузгундар,
Табалап күлүп, кас болуп.
Каралды көрбөй кем болдум,
Кан башым жерге тең болдум.
Чырпык-талга жаткырып,
Чымчыкка бала бергенде,
Чыркылдатып бактырып.
Бербедиң неге бир перзент,
Теңирим,
Пендеңди зар кактырып?
Ок жеген белден жыландай,
Тоо урган жерден туралбай.
Көкүрөк күйүп, дем тартып,
Көзү илинип, жер тартып,
Жакыпты көрсөң нетиптир.
Таламандын тал түштө,
Талыкшып уктап кетиптир.
Тиктегени келиптир,
Тилегин Кудай бериптир.
Кырк атан нарга бергисиз,
Кызыгын түштүн көрүптүр.
Бадана тондой балкылдап,
Байындын бою эриптир…
Өргөөсү кардай көрүнүп,
Өрүгү гүлдөп төгүлүп.
Ак үйү кардай көрүнүп,
Алмасы гүлдөп төгүлүп.
Оболотуп усталар,
Ордосун куруп түзөтүп.
Сакчы ордуна кырк жолборс,
Дарбазасын күзөтүп.
Көз тунарып байланат.

Карап турса асманды,
Кара бүркүт айланат.
Канжар тырмак кыраандын,
Качырганы жайланат.
Серпкени кыйрап сөгүлөт,
Тээп өтсө күркүрөп,
Тегирмендей кара таш,
Тегеренип бөлүнөт.
Тик сайылып зуулдап,
Карды бороон түшүрүп,
Кара бүркүт дуулдап.
Алуучудай арбайып,
Жакыптын конду колуна,
Алпкаракуштай калдайып.
Күндү карай салды эле,
Күн астынан айланды.
Үйдөй кара аюулар,
Үңкүргө кирип жайланды.
Айды карай салды эле,
Ай астынан айланды.
Алтымыш кулач ажыдаар,
Курдуска кирип жайланды.
Канатын желдей сабатты,
Каман жарып, бөрү алып,
Кумарын элдин таратты.
Кудайдын ошол буйругу,
Жибек боолу,  жез канат,
Туташ алтын куйругу.
Бай тууруна капшытта,
Жана,
Байланды эки туйгуну.
Ушул жерде Жакыптын,
Умачтай көзү ачылып,
Уйкусу кетти чачылып.

Учуп турду ордунан,
Баабедин деп бакырып.
«Берип салды Кудай» - деп,
Байбичелеп чакырып.
Чепкенин чечип ыргытып,
Туучунак атын зыргытып.
Артылта чаап камчылап,
Артынан чаңын бургутуп.
Ала салган агымын,
Аргамжыдай үздүрүп.
Алмалуунун чоң дайра,
Аркырата сүздүрүп.
Жин ургандай элирип,
Аяндабай айылды,
Аралай чаап теминип.
Келгенсип чаап кыйырды,
«Барсыңбы?» - деп бакырып,
Бакдөөлөт менен Чыйырды.
Түгөнгүр бай Жакыптын,
Түрү башка туюлду.
Ат алчулар калтаңдап,
Кызып калган Туучунак,
Уча жаздап алчаңдап.
«Ботом неге шашты? - деп,
Саат баскан байымдын,
Сабыры кайда качты?» - деп.
Эси чыгып Бакдөөлөт,
Эшик түрдү жалтаңдап.
Байтал бээнин бал кымыз,
Кошуп күлүн арчанын,
Кордоп койгон ал кымыз,
Сыр аяк толо бер деди.
Үчтү удаа тартып жиберип,
Үшкүрүп бою тердеди.

Баштасам кызык кебим бар,
Байбичелер кел деди.
Астыңарга Акжолтой,
Тартайын деп төлгөнү.
Көргөн түшүн калтырбай,
Терип айтып берди эми.
Коргошундай көлкүлдөп,
Эрип айтып берди эми.
Тартып тоодой айыптар…
Туура басып, ак жүрүп,
Туубас болгон зайыптар.
Тумшуксуз зайып аталып,
Куубаш болгон зайыптар.
Кан төрөсүн козголбой,
Сыйлап угуп олтурду.
Кара жанын кейитип,
Ыйлап угуп олтурду.
Жүрөк демин баса албай,
Туйлап угуп олтурду.
Бала туюп бул түштү,
Балкып угуп олтурду.
Бакыт кушу конгонсуп,
Жаркып угуп олтурду.
Көк деңиздей жандары,
Чалкып угуп олтурду.
- Алтын сакал байым! - деп,
Азыркы айткан түшүңө,
Ооп барат шайым деп.
Чыйырды жүккө жөлөндү.
Айдап келип нар сой деп,
Ак түлөөгө бай төрөм,
Алты тогуз мал сой деп,
Бакдөөлөт кыстап көгөрдү.
Бактысы көлдөй толчудай,

Мал сойсо бала болчудай.
Оңунан түшү келчүдөй,
Олкойгон бала берчүдөй.
Токолум айтат дурус деп,
Токтолуп неге туруш деп.
Каңгайга дайнын билгизбей,
Кабарды алыс жүргүзбөй.
Алтайга дайнын билгизбей,
Арты күмөн иш үчүн,
Алыска кабар жүргүзбөй.
Азган менен тозгондон,
Ар жактан башын кошкондон,
Сексен үйлүү калкым бар.
Селдей каптап жоо басса,
Серпишээр кантип чаркым бар?!
Оодарып ойдун далайын,
Казак калбай келсин деп,
Кабырга тууган агайын.
Жергесин жыйып, той кылып,
Жер очогун ойдуруп.
Жез казанын жыйнатып,
Жергелете койдуруп.
Тогуз туу бээ, токсон кой,
Ай туякка сойдуруп.
Чаңкаган кымыз ичсин деп,
Чаначтын оозун чойдуруп.
Көк дөбөдөй эт кылып,
Турганы Жакып Алтайда,
Тууганын бүгүн бет кылып.
Кандай той деп аты жок,
Катын-калач кеп кылып.
Жалпы эл бата тилээрде,
Жакып мындай деп турду:
- Аксакалдуу башчын кал,

Айыл билээр жакшың кал.
Айтканы жазбай келүүчү,
Алакан ачаар бакшың кал.
Кепке чечен кептүүң кал,
Көкүрөк тунук эстүүң кал!
Казагы бар, түркү бар,
Ата улуулап бир-бирден,
Арнап койгон мүлкү бар.
Азыркысын үстүнө,
Алтын чатыр жай кылып.
Аюу талпак, ак килем,
Астына кабат жайдырып.
Бай Жакып эми кеп баштайт,
Кеп баштаса деп баштайт:
- Туяк деп жүрүп өлдүм, - дейт,
- Туугандар ушул белгим, - дейт.
- Түк калтырбай айтайын,
Түшүмдү жоруп бергин, - дейт.
Өргөөм кардай көрүндү,
Өрүгүм гүлдөп төгүлдү.
Ак үйүм кардай көрүндү,
Алмам гүлдөп төгүлдү.
Кошулушуп миң уста,
Коргонум куруп түзөттү.
Сакчы ордуна кырк жолборс,
Дарбазасын күзөттү.
Бул эмине болуучу,
Бул түшүмдү жоручу.
Көз тунарып байланат,
Жана,
Карап турсам асманды,
Кара бүркүт айланат.
Канжар тырмак кыраандын,
Качырганы жайланат.

Текөөрү болот көрүнөт,
Тепкени кыйрап сөгүлөт.
Тээп өтсө күркүрөп,
Тегирмендей кара таш,
Тегеренип бөлүнөт.
Тик сайылып шуулдап,
Карды бороон түшүрүп,
Кара бүркүт дуулдап.
Алуучудай арбайып,
Колума келип конгону,
Алпкаракуштай калдайып.
Күндү карай шилтесем,
Күн астынан айланды.
Үйдөй кара аюулар,
Үңкүргө кирип жайланды.
Айды карай шилтесем,
Ай астынан айланды.
Алтымыш баштуу ажыдаар,
Курдуска бекип жайланды.
Канатын желдей сабатты,
Каман жарып, бөрү алып,
Калк кумарын таратты.
Куйругун желдей сабатты,
Кулжаны койбой бөктөрүп,
Кумарын элдин таратты.
Бул эмине болуучу,
Бул түшүмдү жоручу.
Кудаанын ошол буйругу,
Жибек боолу, жез канат,
Туташ алтын куйругу.
Бай акең Жакып тууруна,
Жана,
Байланды эки туйгуну.
Бул эмине болуучу,

Бул түшүмдү жоручу!
Акылмандар алдырап,
Асты-астынан карашып,
Аксакалдар жалдырап.
Талып тилден калгансып,
Такыр бири үн катпай,
Таш тиштешип алгансып.
Куруп тилден калгансып,
Куп деп айткан жооп жок,
Кус сугунуп алгансып.
Ыркы кетип турганда,
Түшүн жоруп бере албай,
Тынчы кетип турганда,
Байжигит чечен барк этти,
Баары башын көтөрүп,
Бай кабагы жарк этти.
- Өрүгүң гүлдөп ачылса,
Өрөөнгө гүлү чачылса.
Алмаң гүлдөп ачылса,
Адырга гүлү чачылса.
Төгүлгөн жемиш-кешигиң!
Сак кайтарса кырк жолборс,
Коргонуңдун эшигин.
Ак жылдыздай жошулган,
Ар жактан келип кошулган.
Кызыл мунар жошулган,
Кыркы,
Кырк жактан келип кошулган,
Кыяматтык болжошу.
Тапкан олжо ырысташ,
Чапса бирге кылычташ.
Өрт туулар уулуңдун,
Өлүм орток жан бирге,
О дүйнөлүк жолдошу.

Бүркүт болсо – эр, - деди,
- Бул ааламды буй кылаар,
Бала таптың шер, - деди.
- Бүркүтүң шаңшып элирсе,
Айды карай теминсе.
Ажыдаар качып доошунан,
Тепкени кыйрап бөлүнсө.
Жердин бурчу жети сан,
Жетет экен балаңыз.
Желмогуз соргок душманды,
Жер жаздантып кыргындап,
Кетет экен балаңыз.
Айдын бурчу алты сан,
Чалат экен балаңыз.
Абыдан тынып санааңыз,
Алышкан дөөсүн көмкөрүп,
Жыгат экен балаңыз.
Ажыдаар башын Курдуска,
Тыгат экен балаңыз.
Улуу зайбың Чыйырды,
Той түшүрүп, толкутуп,
Токсон уруу кыйырды.
Эр баладан айткандай,
Пирди төрөйт экен дейт.
Тоо көтөрөөр кыргызга,
Пилди төрөйт экен, - дейт.
- Туйгун да кыраан куш, - деди,
- Эки уул табаар Бакдөөлөт,
Бактысына туш, - деди.
Айтканы ачык келчүдөй,
Периштеси шыбырлап,
Кулакка айтып берчүдөй.
Кумдан сөзү куп болду,
Таштан сөзү так болду.

Жай-жайына тарашып,
Бата кылаар чак болду.
Баарысына суп чапан,
Байжигитке ат болду.

## МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ

Тою тарап кетиптир,
Толгон айлар өтүптүр.
Тагдырга таштай түтүптүр,
Так катып перзент күтүптүр.
Эми,
Шыпаа болуп Кудайдан,
Чыйырдынын боюна,
Чындап бала бүтүптүр.
Таш курсагы чоюлуп,
Талмоорсуп көзү коюлуп.
Кымызды татпай агынан,
Кыйма казы, бал шекер,
Кылт этпей тамак жагынан.
Токойдо шер, кабылан,
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Көңүлү каалап абыдан.
Долонодой бек кемпир,
Бошоп кетти табынан.
Ошондо,
Сулатып атып четинен,
Суурдун жеген этинен.
Камалап атып четинен,
Камандын жеген этинен.
Ташбараңын бураткан,
Камышта кандуу жолборсту,
Таш бергиче жыга аткан.
Акбараңын бураткан,

Аркырап тишин салгыча,
Ач арстанды жыга аткан,
Алтайлык Жанчар мергенге,
Каалаганың алгын деп,
Кан Жакып өзү келгенде.
Байбиченин оорусун,
Баяндап айтып бергенде.
Таштап мерген баарысын,
Талгагы катуу кемпирдин,
Табайын деп дарысын.
Ок дарысын мол алып,
Чыкты мерген жол алып.
Алтайдын Арал көлүнөн,
Түндүк жагы үч күндүк,
Түн түшкөн калың черинен.
Карагайлуу коосунан,
Кабылан атып тоосунан.
Көрсөтпөсөм көзүнө,
Ишенбес деп өзүмө.
Асман бою түйүлтүп,
Араң тартып токтотуп,
Аттын белин ийилтип.
Алты кулач куйругун,
Жол чаңдатып чийилтип.
Чык бери, - деп байбиче!-
Чыйырдыны сүйүнтүп.
Көргөн жанды таң кылып,
Көк тердик ылдый жошултуп,
Көбүктөп аккан кан кылып.
Жүктөп барып булайтып,
Таштай салды сулайтып.
Мергендин көзүн жайнатып,
Канжыгаңа акың деп,
Калпактай жамбы байлатып.

Терисин сыйрып алдырып,
Боор, жүрөк, ич майын,
Жез казанга салдырып.
Чала-була бышырып,
Бурдап-сурдап жеп койду.
Сорпосу кантет бал татып,
Сонун экен деп койду.
Калтырбай гөшүн күкүмдөй,
Жеп бүттү корго кактатып,
Жетинчи күнү бүтүндөй.
Эми,
Талгагы канып талыкшып,
Байбиче бою балкыды,
Батаар күндөй талыкшып.
Жыл он эки ай күн болуп,
Толгоо тартып кирди эми,
Жуманын кадыр түн болуп,
Кырк май шамын жагылтып,
Кызматка кыркты жабылтып.
Ар качан бүтпөс ырымдын,
Аземи башты жаңылтып.
Кызганып толгоо жанбаска,
Кыйналып кемпир калбаска,
Жабуусу манат ак өргөө,
Жабыкка тигип жаңыртып.
Алтында тиреп баканды,
Айылда бүбү катындар,
Алды ортого Шаканды.
Омуртка сөөгү зыркырап,
Кыйрап чыгып кеткендей,
Кырк кабырга быркырап.
Козголгон сайын байбиче,
Кокуюн айтып чыркырап.
Бөйрөгүн тиреп ныгырып,

Бала туйлап кеткенде,
Башы жерге тыгылып.
Кармалашкан катындар,
Кошо кыйрап жыгылып.
Жети күн чырым албастан,
Жумушунда турушуп.
Амалкөй канча бүбүлөр,
Амалын таппай курушуп.
Жеңин түрүп жиберип,
Жез билегин имерип.
Оңдогон сайын курсагын,
Ой-боюн айтып чиренип.
Оо дүйнө көчүп көзүнөн,
Оозуна жаны тирелип.
Жакып сыртта дегдендеп,
Жакындарын бер кел деп.
Курун кемер чалынып,
Кудуретке жалынып.
Соорусунан май тамган,
Сары жилик байталдан.
Ай туякка сегизди,
Курмандыкка чалдырып.
Жети кара өгүздү,
Бөлүп келип айдатып,
Бөкөндөй көзүн жайнатып.
Отуз жорго, он жамбы,
Сүйүнчүгө шайлатып.
- Баладан көзүм каттым, - деп,
Күч алса кемпир толгосу,
Күймөлбөй кантип жатым, - деп.
- Элесин көрүп баланын,
Элжиреп турган чактым, - деп.
Жакып мындай кеп айтат,
Жалпың уккун деп айтат:

- Кенелип ишим жөнөсө,
Кемпирим эркек төрөсө,
Токумун аттын түздөңөр,
Тоо, токой тартып изденер.
Жабдыгын аттын түздөңөр,
Жакып деп ураан чакыртып,
Жабыла мени изденер.
Андай сөз айтып бай Жакып,
Атына камчы салды эле,
Күнчүлүк узап алды эле.
Жылгындуу сары мойнокто,
Жылкыга көзүн салды эле.
Аркы чети куюлгуйт,
Асман толгон кара чаң,
Ак тумандай уюлгуйт.
Берки чети куюлгуйт,
Көтөрүлгөн кара чаң,
Көк тумандай уюлгуйт.
Бөрү тийген көрүнбөйт.
Үйүр-үйүр топ жылкы,
Үркүп качып бөлүнбөйт.
Түшүнбөдүм ушуга,
Түшүм эмес, өңүм дейт.
Эки тоого эликтей,
Каттап ойноп жатыптыр.
Сан жылкынын үстүнөн,
Аттап ойноп жатыптыр.
Бир,
Алтын баштуу сур кулун,
Ак туланды талпактай,
Таптап ойноп жатыптыр.
Сырын толук алалбай,
Сымбатына кана албай.
Сырттан Жакып турганда,

Жылкычысы Бадалбай:
- Ассалому, байым! - деп,
Ушул кайып кулундун,
Уккун менден жайын деп.
Таң жээктеп калганда,
Жерди жарык чалганда.
Иши гүлдөп турганы.
Бир
Канаттуу кула бээ келип,
Жылкы ичине тууганы.
Тууп кайдан токтоду,
Дүбүрт салып артына,
Кайтып кеткен окшоду.
Аманат деп кулунум,
Айтып кеткен окшоду.
Карчыга болуп асманга,
Кайкып кеткен окшоду.
Эмизип эмчек бербесе,
Энесин кайдан ээрчиди.
Канат бүтүп аздан соң,
Кайберендей телчиди.
Теңирим салбай пейилин,
Тек жерден минтип берчүбү?
Жел кайыптын тукуму,
Жейрен күлүк ушуну.
Көзөмөлдөп турам, - дейт,
Көзгө толуп купулу.
Аны эшитип Жакыптын,
Кубанчы кучак артылды.
Эртеңки тулпар кулундун,
Элеси көзгө тартылды.
Баш көтөрсө маралдай,
Кайкып учса шамалдай.
Жибектей жалы төгүлгөн,

Чуу уккаңда бөлүнгөн.
Алты айлык жолду басканда,
Ай табы келип элирген.
Көркөм жайык соорусу,
Көк конуштай көрүнгөн.
Оргочордой төрт туяк,
Тийип өткөн таштары,
Күрсү ургандай бөлүнгөн.
Кулагы шамдай жагылган,
Кузгун учпас куу чөлдө,
Куйруктан кудук табылган.
Кырсыгын эрдин кесчүдөй,
Булуңгур кандуу дайрадан,
Бут тийгизбей өтчүдөй.
Уюлгуп кызып алганда,
Учкан окко жетчүдөй.
Томуктуу, балбан жылкы экен,
Тозокко токсон түшсө да,
Тоо көтөрүп кетчүдөй.
Темир тор курчап салсам деп,
Теги кайып кулунду,
Тердетпей кармап алсам деп.
Байбичем аман көз жарса,
Балама арнап барсам деп.
Жакындап барса шашпастан,
Жакыптан үркүп качпастан.
Кайыптай көркү артылып,
Кайыштай ичи тартылып.
Желе басып келди дейт,
Жеңден тартып эмди дейт.
Ошондо Жакып токтобой,
Бар пейили агарып,
Баштагыга окшобой.
Жети кулун сойду дейт,

Жети бээге телчитип,
Жеке эмизип койду дейт.
Айры өркөчтөн нарды дейт,
Айдатып келип четинен,
Ак төөдөн бирди жарды дейт.
Аксур кайып кулундун,
Аты Аккула болсун деп,
Бата тилеп калды дейт.
Аны таштай салалы,
Байбичеси Шакандын,
Баянын угуп алалы.
Белин ондоп түзөтүп,
Беш тууган бүбү катындар,
Беш-ондон болуп күзөтүп.
Каруусу калбай талышып,
Качан тууйт какбаш кемпир деп,
Күндү эсепке алышып.
Колдоочусун чакырып,
Колу эмдүүлөр жыйылып.
Козголгон сайын байбиче,
Кокуюн айтып ыйынып.
Ак баштыктай бүктөлүп,
Аманат жанга күч келип.
Акырек ылдый жаш кулап,
Арманын айтат тиштенип:
Согончок жарбай башында,
Солкулдап турган жашымда.
Карганда бүткөн боюма,
Кара тажаал кул беле?
Же,
Жанымды алып тынуучу,
Жебирейил бул беле?
Же калкына коргон кут беле?
Же суудан чыккан сук беле?

Бала эмес эле курсакта,
Башымды жечү жут беле?
Жумадан жумага өтүптүр,
Толгоо бышып жетиптир.
Бала туйлап кеткенде,
Белдемчинин түймөсү,
Беш бөлүнүп кетиптир.
Жер көтөргүс алп беле,
Жети бүбү, беш катын,
Жеткен жерден белинен,
Жеңилин бер деп тартты эле.
Каканак суусу жарылды,
Кан аралаш агылды.
Тоо көчүрүп баркырап,
Баланын үнү жаңырды.
Тамaны тийген жеринен,
Тамдай тагы табылды.
Аркасы жайык көрүндү,
Арстандай кара жал,
Алты айрылып бөлүндү.
Тоо бүркүттөй ормоюп,
Чочогу чыкты чормоюп.
Эр экени билинип,
Эрип көзү илинип.
Боюн таштап Чыйырды,
Босого сүйөй бүгүлүп.
Жаздык төшөп Бакдөөлөт,
Жаны калбай сүйүнүп:
Улуудан сизге жол деди,
Урумкан зайбы Күмүшай,
Киндик эне бол! - деди.
Бакдөөлөт сөзүн кайтарбай,
Баланча деп айталбай.
Киндигин кесип бычактап,

Оңтойлонуп жатканда,
Оромокко кучактап.
Ары оонап бала кетти эле,
Оромол тоодой жайылды.
Очоктой катын Күмүшай,
Оңкосунан сайылды.
Кандай бала, тобо!-деп,
Как отузда жигиттей,
Каруусу бойго толо деп.
Албууттанып аңкылдап.
Оңунан түшкөн төлгө иште,
Осол сүйлөп чаңкылдап.
Буркуратып чаңынды,
Этек-жеңин кагынды.
Бакдөөлөт эми баланы,
Оозантмакка камынды.
Ак тубар көйнөк балактап.
Алп төрөлгөн баланы,
Алты айланып далактап.
Эки карын май бузуп,
Бал коштуруп табактап.
Жедирсе да балага,
Татпагансып эч нерсе,
Дагы издейт алактап.
Көкүрөк ийип көнөктөп,
Көрсөтчү, кайда бөбөк? - деп.
Колдошуп араң жеткирип,
Он эки катын өбөктөп.
Байбиче колго алганы,
Балкайтып эмчек салганы.
Ушунда бала бир тоюп,
Ууртунан агып булактап,
Уздай сүткө канганы.
Аны таштай салалы,

Жакыптан кабар алалы.
Чыйырды дайнын угалбай,
Чыкканда үйгө жол тартып,
Чыдамы кетип туралбай.
Көкчологун аргытып,
Көккө чаңын баргытып.
Акбалта чыкты астынан,
Айтаар сөзүн арбытып:
- Оо, сүйүнчү, сүйүнчү!
Айткан сөздү туюнчу!
Камчы табаар эл тапты,
Кайтаарыңда байбичең,
Кара кулак Шер тапты.
Өндүрлүү жайык бел тапты.
Өлөөрүңдө байбичең,
Өлүмдөн кайтпас эр тапты.
Мээ кайнаган ысыкта,
Көлөкө болоор чер тапты.
Басташкан кандуу согушта,
Баш калкалаар жер тапты.
Кылымга аты кеп болоор,
Аман болсо бул балаң,
Орошон кыргыз журтуңа,
Ок өтпөгөн чеп болоор.
Оң чеңгелде кан болду,
Сол чеңгелде жин болду.
Ошондой бала төрөгөн,
Оң-сол жакта ким болду?!
Ороп жетип алаарда,
Он эки катын ордунан,
Козгой албай тим болду.
Берекелүү бала деп,
Берен Балта баркылдайт,
Берериң айткын, кана? - деп.

Аны укканда Жакыптын,
Акылы баштан жоголуп.
Аттын жалын бек кармап,
Ооп барып, оңолуп,
Оо, Балта чал, деп айтат,
Орою суук кеп айтат:
- Сүйүнчү сурап теминдиң,
Кыябын уксам кебиңдин.
Баладан башка сыягы,
Мазарды көрсө кыябы?
Кара бороон түн түшкөн,
Кармаса терс кыялы.
Темирден өткүр баланын,
Тентегин пенде тыябы?
Кызыл нарга жүк көрсө,
Жүктөп айдап кетеби?
Кан жыттанган дөөлөрдү,
Бүктөп айдап кетеби?
Күлүк атын мырзанын,
Күчтөп айдап кетеби?
Айдай сулуу кыз көрсө,
Ач билектен алабы?
Айга-буйга келбестен,
Атына арта салабы?
Баш бербес кара тажаалга,
Бакырсам тилим өтөбү?
Өрт алган кара тажаалга,
Өкүрсөм тилим өтөбү?
Жалгыз атын таптайбы,
Жаланып найза саптайбы?
Катарлап эрин өлтүрүп,
Калың жоо селдей каптайбы?
Доочуга малым талатып,
Менин

Дүмүрүм казып таштайбы?
Ошондо,
Балта чал турду күүлөнүп,
Күп-күп этип сүйлөнүп:
- Байбичең жолборс тапканын,
Барып эрте айтсам деп,
Байым,
Жолуңду тосуп чапкамын.
Каралды деп канча жыл,
Калп беле зар какканың?
Балаңдан коркуп эмитен,
Малыңды коруй баштадың.
Дүнүйөң менен жерге кир,
Бакыр киши экенсиң.
Баладан малды жуук көргөн,
Каапыр киши экенсиң.
Сүйүнчүлөп кашыңа,
Сүйүнгөндөн жеттим дейт.
Котур тайың колко эмес,
Кош эмесе, кеттим дейт.
Сөзгө сынып жалтаңдап,
Карганда көргөн белек деп,
Кайрадан Жакып барпаңдап:
- Жетели үйгө бат, - деди.
- Сүйүнчүңө Балта чал,
Жети жорго ат, - деди.
От кууган койдой жамырап,
Ошондо балдар дабырап:
- Балалуу болдуң, байым, - деп,
Бакырып ойдон, кырды ашты.
Озунуп эрте жеткени,
Олжого батып жыргашты.
Кан Жакып менен Балта чал,
Кайрылып үйгө барышты.

Астынан чыгып шаттанып,
Аттарын балдар алышты.
Эпилдешип келиндер,
Эшик түрүп калышты.
Бешик боон бек болсун,
Кундагың боосу кут болсун!
Аны айтып Жакып төргө өттү.
Көзү каткан кургурдун,
Көңүлүн бала дегдетти.
Бассын байым кусаны,
Байбиче бере салды эле,
Жакыптын толуп кучагы.
Сырттан тууган баланы,
Сынап турган бу чагы.
Бет алдынан караса,
Берендик түрү көрүндү,
Деңиздей чалкып, Ай сүзгөн,
Терендик түрү көрүндү.
Жон жагынан караса,
Жотосу жоон көрүндү.
Жоого тууган баланын,
Жолборстугу төгүнбү?
Эрегишип чабышса,
Эр оодарыш алышса.
Аңтарып аттан дөөлөрдү,
Алуучу түрү бар экен.
Качырганы камандай,
Чалуучу түрү бар экен,
Ачуусу - бороон түтөгөн.
Айкырып кылыч чапканда,
Ажалдын жолун бүтөгөн.
Тулкусу туташ, бою эңчер,
Жалпак жерге далысы,
Жалганда тийбес, оён, Шер.

Бүркүт тумшук, тоо жүрөк,
Жазы маңдай, сургулт бет.
Көркүн көрсөң ар кандай,
Каруусу кабат, темир кол,
Кармаган ташын жаргандай.
Ай тутулган айкашта,
Атышып жоосун алгандай.
Беренди журтка бел болоор,
Бериптир деп Теңирим.
Бай Жакып ичтен тобо деп,
Баланын тилеп өмүрүн.
Ат жеткен жердин чегине,
Кабарлап катчы келүүгө.
Азырданды бел байлап,
Аянбай чоң той берүүгө.

## МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Ошентип, Жакып байдын кубанычы кучак толо, балалуу болушуна карата берген чоң тоюна кыр жактан кытай, каптал туштан кара калмак, маңгулдар баштаган төгөрөктүн төрт бурчунан көлдөй толкуп эл келди. Көптүгүнөн элдердин көз айнып, Алтай термелди. Алакөлдөй чыктуу, Ала-Тоодой эттүү, отуз күнгө созулган улуттук түркүн оюн-зооктуу тойдун башбайгесине торколуу тон, манаттан жапкан үй, ботолуу төөсү менен тогуздап толгон мал сайылды. Эми тою тараарда, келген элдин баарысы жай-жайына караарда, бай Жакып эки куржун көзү толо ак дилде артылган жасалгалуу, суу төгүлбөс, сурнай моюн сур жоргону жетелей, байбичеси Чыйырдынын бооруна балканактай ак бөпөсүн ыктай көтөртүп, көпчүлүктөн ат коюп берүүсүн өтүнүп турду. Жолборс сүрдүү жотолуу баланын айбатынан улам оздоруна ылайык бир ат келбей, топ дымырай камалып, айлалары

куруду. Ошондо, кардай аппак сакалы төшүн жаба жайкалган, бетине чымын консо тайгылчудай чытыраган, бир кызыл жүздүү, ак күлөлүү дубана азыр эле асмандан түшө калгансып, каш кагымда каштарына пайда болду. Анан камалган топтун суратпай сообуна кала, алдан туйгансып мындайча сөзгө келди:

- Журтум, кысталганыңарды көрүп турам. Бу бала тегин эмес, Теңиримдин сүйгөн кулу болот. Айкашка тууган ак жолборстой азаматтын пири болот. Жамгырлаган таалайың, аман болсо бул бала, ачык болоор маанайың. Аңдап турган сөзүмдү андай болсо, калайык, ар балаадан калас деп, Аллам берген шер уулдун аты болсун Манас! - деп, алиги дубана мындай узай бере, көздөн кайым болот. Ааламга алтын түркүк болуучу бир шер уул жарыкка келген белем дешип, келгендер аңыз кыла жомоктошуп, жер-жерине желпине кайтышат.

Ошентип, кайып жылоологон көкжал бала жерден боору көтөрүлө, өкүм, өрт чыгып, тегерегиндеги коңшу балдардын кол көтөргөндөрүн кокуйлата кордугун көрсөтө баштайт. Сегизинде селдеген кубатка толо баштаган баладан эне-ата шекшине өмүр тилеп, ич ара тынчы кете баштайт. Жакып жалгыз каралдысын жаман көз, суук сөздөн оолактата, кара жумушка катыктыра, сөз айтууга жатыктыра, тентектигин кага турмуш таанытып, койчусу калмак Ошпурга малай берип көрүүгө ой жоруйт. Бул оюн коштобоско байбичеси Чыйырдынын да амалы алты кетет…

Арбып койгон айыптар,
Коңшу айылда туш-туштан,
Койбой каптап зайыптар.
Кан кускур кайдан чыкты деп.
Бая жөн жерден таяк жеп,
Баламдын колу чыкты деп.
Баланды мурда тыйып ал,

Бай Жакып болсоң мыкты деп.
Баскан жерин тамандап.
Элечек кийген эне эмес,
Эр адамдар жамандап:
Көнөк баш мындай баладан,
Көрбөгөм мынча запкы жеп.
Сур жоргомду суутта,
Сураксыз мине чапты деп.
Тондуудан түлкү жакалуу,
Токо наалат айтышса,
Топ башы аксакалы.
Азаптан азап андагы,
Алты атадан өчмөнтөй,
Алтай кара калмагы.
Сөгүнө камчы үйүрүп,
Сөөктөн өтүп жаңжалы.
Капшыра чаап салды деп,
Карышкыр тиштээр дөбөтүм.
Кунуна жүз төө, миң кундуз,
Кулдугум бар деп бересиң,
Жок деп моюн толгосоң,
Жолбун ит азыр, өлөсүң.
Кырк үйлүү бурут, качкын эл,
Кызыл уук таланып,
Кыямат жүзүн көрөсүң!
Баш кайда аман бүтүн деп,
Көзгө сая буюрган,
Көрсөңөр калмак күчүн деп.
Күйүкчал Жакып кургурдун,
Күйүп Жаны түтүндөп.
Келип күчүн чыгарып,
Кемпирине күпүлдөп:
- Бала деп жүрүп өлдүм деп,
Моюндан түшпөс карасаат,

Баладан кордук көрдүм деп.
Баш бербеген бир тажаал,
Тентекти тууган белемсиң.
Башымды жарчу темирден,
Келтекти тууган белемсиң.
Бөйрөгү калың чыгалгыс,
Орду тууган белемсиң.
Башымдан кетпей кайнаган,
Шорду тууган белемсиң.
Бели катуу бек айбат,
Беренди тууган белемсиң.
Оозанткандай ок менен,
Өлүмдөн кайтпас кара шер,
Эренди тууган белемсиң.
Кеп угуп, жаны ийикпес,
Кереңди тууган белемсиң.
Тырмактан созо талашып,
Тыткан жүндөй сабашып.
Түтпөй кетип байбиче,
Түтөгөнүм жан ачып.
Ала-Тоо түпкү конуштан,
Алтайды жердеп адашып.
Карайгандан тал күтүп,
Кара алачык жан күтүп.
Жалданып иштеп жайы-кыш,
Куйрук өсө, жал күтүп.
Кыл куйруктуу жылкыдан,
Кырк үйүрлөп мал күтүп.
Короо-короо кой күтүп,
Тынай, казак аралаш,
Тың кийинип, той күтүп.
Тосуша бакан калчалар,
Топозум тоодо канча бар.
Сүт үзүлбөс айылдан,

Сүрөктүү уйдан анча бар.
Кенемтеси бул малдын -
Келин-кыз кийген парчалар.
Жакелеп эпке көндүрүп,
Жакшыдан жайыт бөлдүрүп.
Болгонсуп тууган жанашып,
Жайнаган кара калмактын,
Жайпактап көзүн карашып.
Башты этекке катканда,
Кырк үйлүү кыргыз азгын эл,
Эптеп жашап жатканда.
Төгүлүп дөөлөт колдогу,
Төбөдөн Кудай атканда.
Суугa сийген чоң тентек,
Жинди болду уулубуз.
Азезил шайтан тилине,
Кирги болду уулубуз.
Өз билгенин бербеген,
Билги болду уулубуз.
Калмак деген кара шор,
Кызыл чоктуу сан кытай,
Кыйын жообуз ал ошол.
Толкуса тоону агызаар,
Топон суу деген дал ошол.
Эсиңе салып байбиче,
Эртелеп кылган далбасым.
Эсеби жок тентек кул,
Эр өлтүрүп салбасын.
Тогуздап байың мал берип,
Тоодой доого калбасын.
Балаа басып өчтөшүп,
Баладан кабар жетпесин.
Темир кулак алптары,
Тегеректеп жалгыздын,

Теше сайып өпкөсүн.
Түпкү каны Эсенкан,
Түк калтырбай кыргызды,
Түгөт деп буйрук этпесин.
Кытай түмөн, кыргыз аз,
Кыян ала капташып,
Кыргындап түпкө жетпесин.
Макул болоор кеп көрсөң.
Байбиче, сөзүм эп көрсөң.
Ээликтирбей анча эле,
Эркелик менен беленге.
Көнүктүрүп эмитен,
Көртирлик, оокат дегенге.
Катыктырып көрөлү.
Акыл калчап сүйлөөгө,
Жатыктырып көрөлү.
Оңтоюн таап жакелеп,
Ошпурга малай берели.
Козу чалып көөгөндөп,
Кой бакканды үйрөнсүн.
Тумшуксуз тентек тотугуп,
Турмуш таанып күймөлсүн.
Куюлган кумдай шок уулдун,
Кай жоругун айталы?
Кара эмгекке бышыгып,
Кагылсын бойдон шайтаны.
Баланын түрүн байкабай,
Байың жок кеңеш айтабы?
Баарысын көздөн өткөрдү,
Мааниси терең кеп көрдү.
Барса бала болду деп,
Байбиче муну эп көрдү.
Бай Жакып андан ашыга,
Купшулуңдап кубанып,

Кут конгонсуп башына.
Майлуу кылып тамагын,
Баласын алып кашына:
- Апаӊа болоор кол, канат,
Азамат болдуӊ сен, - деди.
- Атаӊды сыйлап жөн көрсөӊ,
Айтайын оюм мен, - деди.
Мындан ары күндүк жол,
Алмалуу булак сай деди.
Короосу толо козуга,
Амбары толо аштыкка.
Алтыны толо баштыкка,
Ошондо Ошпур бай деди.
Өтөгөн эмгек акыӊа,
Өтө көп козу, тай деди.
Акыӊа айда алынган.
Короодо койго кошумча,
Кошулган туяк малыӊдан.
Атакеӊ болоор аз жылда,
Атактуу чоӊ бай деди.
Эр жетилип, бышыгып,
Элден оолак жат деди.
Эп көрсөӊ балам, сырым шул,
Эне-атаӊды бак деди.
Ошондо оён баланын,
Оттой көзү чачырап.
Эрдик туюп ээнде,
Мал багууну асырап:
- Андай болсо, атаке,
Жеткир, - деди, батыраак.
Тизгиндеп алтын жалына,
Тиелек бир жан бармагы.
Ал кезде жылкы ичинде,
Аккуласы арналуу.

Току тайды башка бир,
Токулгалап кармады.
Азыр сегиз жашында,
Оролмо тоонун бүркүттөй,
Олкойгон бала кашында.
Кеч бешим Ошпур айлына,
Кан Жакып жете барганы.
Төрт түлүк түгөл шай деди.
Жатасыңбы жай деди.
Бар болсоң үйдө, бери чык,
Сөзүм бар, Ошпур бай деди.
Кулдук ура жүгүнүп,
Кул, катындар жүгүрүп.
Не балээ болуп кетти деп,
Курсактуу бай кайкактап.
Кел, төрөм, деп шондо Ошпур,
Эшик түрдү жайпактап.
Төрдө мамык көлдөлөң.
Дөөгүрсүп тунуп дүйнөгө,
Дөөлөтү байдын көлдөгөн.
Түркүгү алтын ак чатыр,
Түндүгү ачык желдеген.
Бал сапырган кызыл чай,
Бай Жакып,
Суусунун басып чөлдөгөн.
Байкалып арман сөзүнөн,
Баланы бөлүп көзүнөн.
Ошондо Жакып муну айтат.
Ооматтуу башчы койчусу,
Ошпур байга сыр айтат:
- Аргам кетип бала үчүн,
Алдыңа келген кезим бар.
Шамалдаган тентектин,
Шайтанын тыяр кезиң бар.

Жалгыз уулум тайынып,
Сурап алган Теңирден.
Айылга дүрбөөн түшүрүп,
Аргамды менин бүтүрүп.
Урунганын уйпалап,
Куруп кеткен куу тумшук,
Куйругун иттин куйкалап.
Курчтугу өтүп темирден.
Куюн салып, бой бербей,
Кулан сындуу элирген.
Чыры баштан ашынды.
Сурамак болду өлтүрбөй,
Суу куйду жинди жашымды.
Деги бир тынчтык бербеди.
Теңтайлашкан балдарды,
Тебетейдей сермеди.
Оңбогон уулдун диназар,
Ойго-тоого урунуп,
Оюн болду эрмеги.
Чарчап бүттүм мен деди.
Чатак кылса ур да, сок,
Билгениңче бек кармап,
Бир
Тарбия берип көр деди.
Отунга жумшап, ойго сал,
Кыройлотуп кайыртып,
Кыр ашырып койго сал.
Суу ташытып, сайга сал,
Тумшугуна суу жетээр,
Туура кыйын жайга сал.
Ошол жагын өнүктүр,
Оокатка мыктап көнүктүр.
Айтоор, таап амалын,
Адамдыкка жөнүктүр!

Аны айтып Жакып ат тартты,
Ал
Тентектен боюн качырып,
Ат тизгинин шарт тартты.
Байга малай бергени,
Манас мында келгени.
Серпилип бала барчынын,
Сегизге жашы келгени.
Ак иштесе жандыгы,
Санаасында толчудай,
Сары алтынга сандыгы.
Башка дебей көнүктү,
Бачым ишке жөнүктү.
Ойноо калды колоктоп,
Отун алды ороктоп.
Жаагандай күн көнөктөп,
Сугарып ат-көлүгүн,
Суу ташыды челектеп.
Тентеги антип арылды.
Тээ бир кезде тутанып,
Терс айланып жарылды.
Таш жүрөк дөө балага,
Таймашаар жан жок арада.
Жолдогону кырк чилтен,
Жолоор эмес калаба.
Азыр Ошпур бай болуп,
Ата ордуна тутканы.
Уйбаш толо кара аяк,
Уулап кымыз жутканы.
Короодо бирде түнүндө,
Кой күзөтүп чыкканы.
Мамык төшөк ордуна,
Таш жазданып уктады.
Ачык төш эр балаңыз,

Антип жанын бакпады.
Козу бөлүп, саадырып,
Колото кой баканы.
Ошончолук оттуу кул,
Ошпур байга жакканы.
Мында балдар даанасы,
Куп башкарган баарысын,
Кутубий Ошпур баласы.
Алтайдын айдың талаасы,
Ар уруудан көп дечи,
Айыл конгон салаасы.
Саламаттын Айнакул,
Аркы айылдык чектеши.
Бир кезде жайыт талашып,
Болгондо катуу беттешүү.
Айнакулдун он бала,
Ону бирдей чоң бала.
Тигилерден кырдуусуп,
Тийишип мурда тыңдуусуп.
Манастын алты балага,
Көрсөтмөк болду кызыкты,
Көзүнө ушул арада.
Бул биздин болот жайыт деп,
Ушунда келсең козуңду,
Уруксатсыз жайып деп.
Талпагың ташка жайылып,
Тартаарың мындай айып деп.
Озунуп кол салганы,
Чакыр-чукур чаң болуп,
Төбөлөшүп калганы.
Кимди-ким көрдү болушуп,
Кызыл жаян кан болуп,
Кырчылдаша согушуп.
Манаска чоңу тең келбей,

Далп уруп жерге оонатып,
Далыдан алып чеңгелдей.
Кыйласын кылды кыйсыпыр,
Кыргый чилди эңгендей.
Урушту айт минтип курчуган,
Кадим чоң казат элестейт,
Караган жанга сыртынан.
Малакай учуп баштагы,
Кырдана түшүп чапканы.
Терек, талдан сокмогу,
Тел ооруу болгон козудай,
Темтеңдей түшүп соккону.
Жакалашып тушташып,
Жаагын айра мушташып.
Ит жыгылыш чалышып,
Балбан күрөш кай бири,
Багалектен алышып.
Козу кочкор челишип,
Карпа-курпа капталга,
Бала короз тебишип.
Катынча чачтан алба деп,
Тырмагың кара ороктой,
Тытып бетим салба деп.
Кармасаң белде курум деп.
Аладан алба кысталак,
Айрылат жалгыз шымым деп.
Айгырча эттен тиштебе,
Адамга жакпай мунуң деп.
Эркекче качпай кармашып,
Эр болсоң мендей уруң деп.
Жаагы айрылып калжайып,
Жакасы ылдый кан жайып.
Ээр кашындай үбөлүп,
Эрди-башы балжайып.

Мурдун буза коюшуп,
Бек каратып бир-бирин,
Кетерине союшуп.
Кармаш күчөп намыс деп,
Кара жандан тоюшуп.
Бет алган жагын сүргөндө,
Алты бала өрт алып,
Азыр түтөп киргенде.
Айнакулдун он бала,
Жеңилээрин билгенде.
Башчысы сойбой Манасты,
Эңилээрин билгенде.
Барынча салып карууга,
Манасты жыксак болду деп,
Баары бирдей жабыла.
Урунганы колуна,
Улактай жерге чабыла.
Көк муштум жеп көнөктөй,
Көзүнөн от чагыла.
Чапканы чаңга тыгыла,
Чалкадан түшүп жыгыла.
Чабышып кайра сес берип,
Чамасы келбей туруууга.
Айнакулдун топ жолдош,
Чилдей тарап бытырап,
Кача берди бурула.
Көнбөскө болбой акыры,
Көкжал Манас ыгына.
Ымалага келишип,
Чыкпаска анын сөзүнөн,
Чын убада беришип.
Жылып бою жазылып,
Жылдызы эрдин нур чачып.
Жотосу жоон баланы,

Төрө дешип курчашып.
Айтканындай болушуп,
Короолу коюн үйүрө,
Колотту бойлой конушуп.
Таптап чоту, керкисин,
Тал кыйдырып миздетип.
Чапанын жая чөп төшөп,
Чатыр тигип түздөтүп.
Айылга чуу түшүрүп,
Ата-энесин издетип.
Жаханда тизгин бербестей,
Жараткан оюн аткарбай,
Жан алгыч келсе көнбөстөй.
Чуулгандуу жинди кул,
Ошпурга чын малайбы?
Малай болсо, өз алды,
Мал союуга жарайбы?
Кыйрын чайыр түшүрүп,
Кылып келет далайды.
Балдар күңкү кылышып,
Башы деги бүтүнбү?
Эсирген балбан бул бала,
Эси жарым үчүнбү?
Айтоор бизге той кылды,
Шишкебектеп бышыртып,
Канча кой-козу сойдурду.
Ийрип айдай күпүлдөй,
Ийге салып бүтүндөй.
Түзөң болсо мөмөлүү,
Дөбөбүз деп айттырды.
Боз сеңирдей таянган,
Төрөбүз деп айттырды.
Карала барчын куш болуп,
Кара тоону айланып.

Шонтип Ошпур койчусу,
Сыртка көнүп байралып.
Толсун тозок үймөгү,
Томуктай болбой күймөлүү.
Тосмолоп жеке бурчудай,
Топон суу басса дүйнөнү.
Куп таң берип көңүлгө,
Кутубийдин түйгөнү.
Баягыдай дүргүтүп,
Сарай бузуп, тиш салып,
Сакчыларын мүргүтүп.
Манас койчу болгону,
Койго бөрү тийбеди.
Ошол жагын ойго алып,
Ошпур бай да үйдөгү.
Оңтою келсе жоо тосуп,
Ок жонуп, темир өгөөчү.
Ушул алп бала жөн эмес,
Учуруп алып жөнөөчү.
Колдоочусу барбы деп,
Колтугунда жөлөөчү.
Бир уйкусун сатуусуз,
Кадыр түнгө бермекке.
Жөнү келсе көз менен,
Жөлөөчүсүн көрмөккө.
Мубаректеп чын болсо,
Жолборс тууган балага,
Жол бошото бермекке.
Макмал төшөк, куш жаздык,
Мында түшкө кирбеген.
Таш жазданып адаты,
Беренжисин жамынып,
Тышта уктоочу түн менен.
Башты жечү коңурук,

Башталганда күр деген.
Ак кементай жамынып,
Акка дилин бурду эле.
Ошпур бай ташка пааналап,
Оолактан карап турду эле.
Күтө берип бой талып,
Түн бир оокум болгону,
Ал аңгыча болбоду.
Колдоочусу колдоду.
Ай тушунан күркүрөп,
Алуучудай жөн эле.
Арбайтып чеңгел салганы,
Алпкаракуш төбөдө.
Оюрмасы он каптал,
Он кулачтай мар жылан,
Оп тарта сойлоп калыптыр.
Көрүмчү түшү болбосо,
Көргөнү азыр аныктыр.
Сүттөй ак түнгө шаң берген,
Сүт ботолуу боз инген,
Сүлкүлдөп бийлеп алыптыр.
Баш жагында созулуп,
Байрактай ак шам жанып тур.
Бир көсөө куйрук көк бөрү,
Албарстай тилин жалантып,
Алкымдан сүйүп өткөнү.
Ошонусу бир укмуш,
Он кулпунуп силкинет.
Айлана коруп сур жолборс,
Тиш салчудай күркүрөп.
Муну көрүп Ошпурдун,
Мууну бошоп диркиреп.
Артка жылды уурдана,
А бала Манас солк этпей,

Уктап жатыр нурдана.
Аздан соң Ошпур эс алып,
Аңдабасам бекер деп.
Талабына тап берген,
Жетер бала экен деп.
Баскан жерге мазар тал,
Өсөр бала экен деп.
Ак булуттай асмандап,
Көчөр бала экен деп.
Бутта кара кырсыкты,
Кесер бала экен деп.
Касаба аскар тоо келсе,
Ашаар бала экен деп.
Кара селдей душманды,
Басаар бала экен деп.
Кылыч өтпөс кыр ташты,
Кыяр бала экен деп.
Кыргыздын башын чачылган,
Жыяр бала экен деп.
Жер жүзүндө алптарды,
Тажатар бала экен деп.
Түбү жүрүп бачагар,
Искендер албас Бээжинди,
Каратар бала экен деп.
Сүрөгөнү кырк чилтен,
Колдогону сур жолборс.
Учурганы зымырык,
Иш эмес го бул болбос.
Колу ачык, берен олжолуу,
Кош куржуну кур болбос.
Акжолтойлуу бала экен,
Ааламга татыр эрдиги,
Алдам сүйгөн жан экен.
Аны ойлонуп Ошпур бай,

Акка чындап бет бурду.
Берен Манас балага,
Бет болсомбу деп турду.
Берип дилин кыргызга,
Эл болсомбу деп турду…

## МАНАСТЫН АЛГАЧКЫ ЭРДИГИ

Аны коё салалы,
Кымбат көргөн чором деп,
Кырктай койчу баланы.
Эр Манастын алгачкы,
Эрдигин угуп алалы.
Мунарадай кылкылдап,
Учу асманга такалган.
Касабалуу бийик тоо,
Муз чоку деп аталган.
Ач бороон улуп, муз бүркүп,
Ак жайда берип санатын.
Тоңуп түшчү топ этип,
Куш кагалбай канатын.
Ошо,
Суук төрдүн оюнда,
Алмалуу суунун боюнда.
Кой кайтарып жүрүшкөн,
Өңкөй ойноок боз балдар,
Бой кайтарып жүрүшкөн.
Жер очогу оюлуу,
Кош куйругу табактай,
Коштоп козу союлуу.
Суу бар, толо отуну,
Унут калып оттук таш,
От жагалбай отуру.

Кыраан Манас башында,
Кырктай бала жыйындап.
Туюктанып амалы,
Турганда иши кыйындап.
Төө моюндуу урчуктан,
Төмөнкү сары тумшуктан.
Ат өтөктүү урчуктан,
Алдыңкы жапсар тумшуктан.
Белине балта байлаган,
Беш байпактык сакалы,
Бетине батпай чайлаган.
Теше тиктеп темирди,
Тереңде көзү кайнаган.
Отун жүктөп келүүгө,
Ыңырчактуу эки өгүз,
Коштой чалып айдаган.
Балбандыгы бир канча,
Басташканын жайлаган.
Туурасынан карасаң,
Туюк таштай тултуюп.
Чүйгүн төрдө букадай,
Чүйлүүсү чыгып буртуюп.
Ары лөк чал зил кара,
Алалбастай тирүү жооп.
Тээ береги балдарды,
Телпектей көрөөр түрү жок.
Уругу тыргоот калмагы,
Жылкычы башы Канжаркол,
Отунчу кулу андагы.
Аты мунун Жырынта,
Таргыл бука мингени,
Чүлүктөп мурдун жырылта.
Булкулдатып букасын,
Балдар жакка бурулта.

Үтүгүңө шоодай! - деп,
Үтүрөңдөп сөгүнүп.
Таргылала букасын,
Тарса-турса теминип.
Жеп ийчүдөй балдарды,
Жемеге алып кемирип:
- Кандай курган балдарсың?
Жол боюна жарылтып,
Каны-жинин агылтып,
Канча кой союп салгансың?
Ата-энеңер ким болот,
Кимден жооп алгансың?
Жаман жумуш бул, балдар,
Жайыңарды айтчы, - деп,
Жарылдаган шум балдар.
Каары кайнап шакардай,
Октоло туруп ордунан,
Ошондо Манас жаталбай:
- Озунуп кол салбайын,
Киши экенсиз атамдай.
Жайыт сактап талаада,
Кой багып жүргөн балдарбыз.
Жалданып чоң байларга,
Бой багып жүргөн балдарбыз.
Опузаң коюп, а көрөк,
Оңолуп тилге келгин, - дейт.
- Ач карын куруп турубуз,
Абалды, чалым, көрдүң, - дейт.
- От тамызып алалы,
Оттугуңду бергин, - дейт.
- Батек сакал, жулунуп,
Баш тартсаң бирди көрдүң, - дейт.
- Атаа, жаман бурутум,
Айбыкпай айтып сунушун.

Аңшыйган алсыз чал көрүп,
Айбат кылып турусуң.
Казыктай жерге кагылтып,
Бүтүрөйүн жумушуң.
Кара тумшук куу бала,
Катырайың ырысың!
Ошентип калмак буркулдап,
Оруп ийчү арпадай,
Омуроолоп жулкулдап.
Оңтойлонуп алгыча,
Орой бүктөп камчысын,
Оройдон ары салгыча,
Озунуп Манас аңгыча:
- Өзүңөн чалым көргүн, - деп,
- Орою суук кебиңен.
Бүркүт бөрү алгандай,
Бүктөй кармап белинен.
Букадан алып ыргытып,
Чапты чаңга чалынды,
Чаң чыгара бургутуп.
Балбансынган ал калмак,
Балдарга кылып үстөмдүк,
Бакылдаган чал калмак.
Жарыла жаздап өпкөсү,
Үзүлө жаздап жүлүнү.
Жанчырап кыйрап туралбай,
Жамбаш сөөк жилиги.
Балдарда кыба канышып.
Олжонун асты болду деп,
Оттугун тартып алышып.
Кайра өзүн отун ордуна,
Кайырдин чалды кор кыла.
Аргамжылай бүктөшүп,
Сайдагы кара төө таштай,

Салмагын көрчү,  ит дешип.
Эңгезердей каапырды,
Эптеп артып күчтөшүп.
Алатаргыл букага,
Арчындаша жүктөшүп.
Өлсө өлүп калаар деп.
Өлүксүз кабар жеткирип,
Өлбөсө жаны бараар деп.
Айдап ийди артына,
Бул жакта деп жок орун.
Алда билет ал иштин,
Арты кандай болоорун.

## МАНАС МЕНЕН КАНЖАРКОЛДУН САЙЫШЫ

Түптүү кара терек деп,
Жарынтадай балбан чал,
Жумшаарыма керек деп.
Эки өгүзгө толтура,
Эми өзүмдү жыргатып,
Отун алып келет деп.
Канжаркол күтүп турганда,
Чыдамы кетип делектеп.
Кош өгүздөн караан жок,
Кош-коштоп отун түшүрүп,
Тосуп алчу адам жок.
Тал түштө бейгам чыр болуп,
Жылкычынын баарына,
Табышмактуу сыр болуп.
Түштө көргүс иш болуп,
Түйшүгү артып күч болуп.

Үнүң өчкүр зор бука,
Үйүрүн жоктоп өкүрүп.
Кош таңуу жүккө карабай,
Кону буза секирип.
Кара таандай чуркурап,
Катын-кыз качып бекинип.
Азоого чалма окшотуп,
Алтымыш балбан камоолоп,
Араң кармап токтотуп.
Күн бүтүп, өчүп бараткан,
Күүгүмдөп көзү көшүлүп.
Чала өлүк чалдын дулдуйган,
Таңуудан бою чечилип.
Аркы-терки чаптырып,
Чабарманын шаштырып.
Апы деген дарысын,
Азыр издеп таптырып.
Тамчылата агызып,
Таңдайына тамызып.
Өлгөн жанын тиргизип,
Эптеп тилге киргизип.
Чалдан мындай кеп укту.
Маган ыдык көрсөткөн,
Бала бурут, чоң койчу,
Манас деген деп укту.
Аны эшитип Канжаркол,
Түйдү таштай кабагын.
Угуп жүргөн Манастын,
Чала-моңол кабарын.
- Жөөлөшкөндү жай кылып,
Дөөлөрдү болсом сойчудан.
Баш тартсам буркан урбайбы,
Бала бурут койчудан.

Чуулгандуу азгын эл,
Чулдур кара бурутум.
Жеримди жердеп, мал күтүп,
Жээлигип көөп турушун.
Отунчум жүктөп букага,
Оозун кандап урушун.
Куур тондуу куу бурут,
Кутуруп шылдың кылышын.
Сениби, Манас, карап тур,
Кузгундай көзүң ойбосом!
Кашыктай каның шимирип,
Казыр жетип сойбосом.
Канжаркол атым өчсүн деп.
Таш мөндүр жаап, түн түшүп,
Башымдан булут көчсүн деп.
Деп ошентип чынданып,
Жарганаттай баланы,
Жайлаарына тыңданып.
- Кашыңа болом караан деп,
Кайрылба бириң барам деп.
Желмогуз болуп кетсе да,
Жерге кийрип Манасты,
Жеке жинин кагам деп.
Алтайдагы кыргызды,
Айдап отко салам деп.
Тукумун кырып, түз кылбай,
Түк канбайт менин табам деп.
Астындагы ала айгыр,
Кайып күлүк, жел канат,
Кара куштай бар айгыр,
Ала качкы кесеп деп.
Айкаштын ыгын алгыча,
Алеги жандан өтөт деп.

Куюлган қаптал кумунан,
Кош куржун толо салыптыр.
Темир тондуу чоң доңуз,
Теңдене артып алыптыр.
Кумайда топ балдарга,
Куюндап жетип барыптыр.
Аз жыйып оозун айгырдын,
Аларга көз салыптыр.
Балдарды байкап караса,
Батканы оюн-тамаша.
Күрмөсүн чече салышып,
Имере тартып, күч сынай,
Ит жыгылыш чалышып.
От тартып, кактап шишкебек,
Опкогу очок кучактап.
Таягын кооздоп эрмекке,
Тал жонуп бири бычактап.
Бытпылдыктап бөлүнүп,
Кайнап кетти ысык деп,
Кай бири суугa чөмүлүп.
Ордо чийип, чүкө атып,
Он-ондон болуп жардашып.
Балдар жыргап жатканда,
Дүйнөкапар чардашып.
Каарданып акырып,
Сениби деп, күчүктөр,
Селдей каптап жапырып.
Чамынган бойдон Канжаркол,
Чабуулга өттү качырып.
Ала айгырын ойнотуп,
Аламан коюп кыргындап,
Аркы-терки сойлотуп.
Отунчум жүктөп букага,

Оттой түтөп күч ала.
Өлтүрө атып кез келсе,
Мени да алмак бутага.
Медер тутаар пириң деп,
Кайда Манас кара шер,
Төө көтөрөөр пилиң деп.
Суугу каарып көк муздай,
Суракка алып күрүлдөп.
Казыр таап бербесең,
Калбассың аман бириң деп.
Канжаркол күчөп кайсалап,
Кара болот кылыччан.
Башы үзүлүп ышкындай,
Беш бала өлдү кылычтан.
Терисин тетир соёрдо,
Тегиз баарын кандуу дөө,
Тындым кылып коёрдо.
Акыл тапкыч даңгылы,
Ал балдардын камбылы.
Айнакулдай сырдашы,
Көздөй досу Кутубий,
Көкжал Манас курдашы.
Бая жүрүп кетишкен,
Жол кайгуулдап үч берен.
Ашып эчен белести,
Ач кайкалаң үстү дөң.
Кайра жете келишип,
Чыкты чоң жаңжал үстүнөн.
Кыйрасы чыгып чачырап,
Кыйрап жаткан балдар көп.
Кырылдык, кайда Манас? – деп,
Ыйлап жаткан балдар көп.
Темир така, сом туяк,

Омуроолой тепсеткен.
Омуртка кыйрап, кол чыгып,
Оройго тийген келтектен.
Очорулуп туралбай,
Туйлап жаткан андан көп.
Жаргак шымга чалынып,
Шашкан балдар андан көп.
Жар кабакка баштарын,
Жашырышып суурдай,
Каткан балдар андан көп.
Жайы-көйү белгисиз,
Качкан балдар андан көп.
Камсыздык бейлеп жараксыз,
Касына колтук ачыптыр.
Жоо ыгын билбес боз балдар,
Жошолоп канга батыптыр.
Көрсө бешөө бейажал,
Көз жумуп таштай катыптыр.
Аны көрүп Манастын,
Эрте күнү кеч болуп.
Алдырып ачуу ызага,
Акылы айран нес болуп.
Жин пери тийген немедей,
Не балээ болуп кетти деп.
Ажыдаардай соргок дөө,
Ойрондоп жолдош балдарын,
Ойдо жок кайдан жетти деп.
Шыбышын билип кек албай,
Шылдыңга калыш эппи деп.
Чокморун күүлөп октолуп,
Күкүрттөй кайнап шыркырап,
Күлүстөн ичи чок болуп.
Кулагы укпай кеңгиреп,

Турганда оюн жыялбай,
Туйгунуң Манас эңгиреп.
Бир көрүмчү маңдайкы,
Белден чыга калгандай.
Жети баштуу желмогуз,
Жеп ийчүдөй күркүрөп,
Жерден чыга калгандай.
Айкырып таман алдынан,
Алаткак азуу салгандай.
Бадалдуу наркы колоттон,
Карагайдай көк найза,
Курчтап соккон болоттон.
Ала айгырын ойнотуп,
Кесип башын тынчудай,
Кез келгенин сойлотуп.
Айгай кулак тундуруп,
Жекеге чык деп эр болсоң,
Мелжеп найза сундуруп.
Казандай  кара күрсүсү,
Оң такымда басылуу.
Кереге бою төө мылтык,
Кең далыда асылуу.
Күйгөн токой каштанып,
Качырган аюу баштанып.
Азыр жутуп ийчүдөй,
Айкырыгы таш жарып.
Канжаркол мындай кеп баштайт,
Аягын сөздүн бек таштайт:
- Оо,
Салпар этек бурутум,
Сайсөөгүмдү сыздатты,
Салмактанып турушуң.
Какпасам, Манас, жиниңди,

Канжаркол атым курусун!
Жеримди жердеп менсинип,
Жети атаң мында элсинип.
Жете билбей маанисин,
Жеткилең дөөгө теңсинип.
Бадышалуу башка элге,
Баш көтөрүп эрсинип.
Коржоңдогон бурутум,
Котур тайдай кашынып.
Тер кыстап, арам шор тартып,
Тентектигиң ашынып.
Оттой түтүп күч ала,
Отун орду мазактап,
Отунчум жүктөп букага.
Бүктөгөн сен кулумду,
Беш балаң жайлап ордуна,
Кеңдик кылып, ит бурут,
Кечтим төлөөр кунуңду.
Эпке келсең ылайым,
Эми өзүңдөн сурайын.
Эңчегер бойлуу, кең далы,
Эр мүнөздүү ырайың.
Качпай чыксаң жекеге,
Каниет тобо кылайын.
Бир сайгандан чыкпасаң,
Топ этип түшүп атыңдан,
Топого башың ыктасаң.
Арачы түшсө болбостон,
Асмандан түшүп Кудайың.
Канатың куштай кыркайын,
Отун артып өгүздөй,
Чүлүктөп мурдуң жыртайын.
Өлтүрбөй өчүм алайын.

Кашкар кетмен чаптырып,
Кара ылайга салайын!
Жеке кыраар ою бар,
Жети сан колду кеминде.
Кычыраган Канжаркол,
Кырктын орто белинде.
Долу аяз кыштын каары бар,
Доңуздун тарткан деминде.
Карап капчал бел туюп,
Өпкө кагып, найза өтпөс,
Өзүн бөтөн эр туюп.
Алптыгына ынанып,
Чегирткедей Манасты,
Көрбөгөнгө кубанып.
Төөдөй кара дөө менен,
Төш тиреше кагышып.
Күч сынашып алууга,
Күрсү кыйрай чабышып.
Ак сеңир тоонун кыраны,
Азаматтын чынары.
Боз балдардын берени,
Бойго сыйбай кара күч,
Селдеп турган береги.
Азирет Аалы баштаган,
Алты шердин кенжеси,
Анда Манас не деди:
- Колум тийип калыптыр,
Жаман чалың аманбы?
Сураса бербес оттугун,
Сараң чалың аманбы?
Кыпындай ишти шылтоолоп,
Кылгансып кыйла залалды.
Мойноп болбой ак жерден,

Мойнума коюп жалаанды.
Кыямат сапар жөнөтүп,
Кыя чаап салыпсың,
Кырчындай беш баламды.
Тегимди козгоп кеп айттың,
Тентиген бурут деп айттың.
Болбосо үзөм тукумуң,
Бошоткун жерим деп айттың.
Жыландай чагып, бек кордоп,
Жан этимди жеп айттың.
Коркутаар жоом сен эмес.
Коён коркок, суу жүрөк,
Коркоор балаң мен эмес.
Алуучу жоом сен эмес,
Алдырчу Манас мен эмес.
Намыс үчүн жанымды,
Кылга байлап таштаймын.
Сексен жаның болсо да,
Серпишүүдөн качпаймын!
Ошенетип эр Манас,
Кан ичмеси бек кармап,
Казатка тууган шер Манас.
Каарданып силкинип,
Октолуп майдан дегенде,
Оозунан оту бүркүлүп.
Омурткасы ор кула,
Ойротто жок чоң кула.
Кабыргасы как кула,
Качырганын куткарбас,
Казатта эрге бак кула.
Куштан учкул жел канат,
Куюндан бүткөн Аккула.
Как астында азыр жок,

Казатка минээр чак кула.
Антсе да андан калышпас,
Атасы кайып чалышташ.
Ай табын жазбай жүгүрүп,
Алыска чапса талыкпас.
Токумдап Манас мингени,
Тобурчактуу тор кунан.
Тоодой терең аң келсе,
Тоо текедей оргуган.
Кара келтек чокморун,
Кармап колго имерип.
Карагайдай көк найза,
Как такымда тирелип.
Башта көрктүү туулга,
Баса кийип чекеге.
Чындап алгач айкашып,
Чыкты Манас жекеге.
- Кепшириң көрүп алыстан,
Шашпагандай болоюн.
Ажалдан коркуп көз ирмеп,
Качпагандай болоюн.
Кыя баспас алдынан,
Кыргыздын салтын көргүн деп.
Аксакал баштап төргө өтмөк,
Анда кезек бердим деп.
Жардай дөөм, аттан көмкөрбөй,
Жаза сайсаң өлдүң деп.
Атынын башын бурганы,
Керилип Манас түзөндө,
Кезегин берип турганы.
Канжаркол шондо түнөрүп,
Найзасын мелжеп имерип.
Балжа-булжа союуга,

Балага көзүн жиберип.
Ок өтпөс тону көлбөйүп,
Мурду кетип кырданып,
Муруту кетип сербейип:
- Көнөктөй кардың жарайын!
Көзгө илбей бала буруттун,
Көпкөнүн көр деп дердейип.
Өлдүң деп эми макулук,
Өпкөгө туштап найзасын,
Өрт алгыр Канжар атылып.
Төөдөй доңуз күрүлдөп,
Төшкө муштап өткөнү.
Алачык таштай алп бала,
Атынан солк этпеди.
Карагайдай найзасы,
Сына жаздап күч келип.
Таш муштаган эмедей,
Канжаркол бели бүктөлүп.
Астындагы ала айгыр,
Мүдүрүлүп токтоду.
Каңтараар аттан дөөлөрдү,
Как желмогуз окшоду.
Эр Манас деп атыккан,
Эрдене кара тайтаңың.
Канжаркол берсе кезегин,
Бир саюудан чыгарбай,
Какчудай бойдо шайтанын.
Аны ойлоп жандан шекинип,
Арам ит эми бекинип.
Кезегин бербей качканы,
Кеп кылып берген баштагы.
Ак бороондоп бургуйлап,
Аламан уруш баштады.

Эки дөө эми нетишти?
Кандарын союп жутууга,
Карарып жаны бекишти.
Куюндатып аттарын,
Эки жактан жетишти.
Кочкордой карс-карс сүзүшүп,
Бир беттешип өтүштү.
Казандай кара чокморлор,
Кыйрап чыгып кетишти.
Каруусун чактай алышты,
Кайрылып канча чабышты.
Чагылгандай от бүркүп,
Чарт-чурт кылыч чабышты.
Эрегише кагышты,
Обдулуп кара күрсүсүн,
Оройго туштап чабышты.
Калкалай берген бетине,
Калкандар быт-чыт кабышты.
Көрсөң эрлер козголбой,
Көчүктөрү ээрге,
Кадалгандай жабышты.
Туягы казып тулпардын,
Тушардан азыр көйкөлгөн,
Тулаң түтөп, чаң учту.
Найза түтпөй быркырап,
Ширендиси шыркырап.
Ат даңканы аяктай,
Асманга учуп чыркырап.
Күрсү кыйрап үбөлүп,
Жан алгычтай дөөлөргө,
Жарак түтпөй түгөнүп.
Жолум үйдөй терек деп,
Жол болсо, азыр керек деп.

Орду менен теректи,
Омкоро жулуп алышып.
Чокмор орду күүлөнүп,
Чок төбөгө салышып.
Тутанып өлгөн дөөлөрдүн,
Тутамы колдо калышып.
Күүгүм түшүп чак түштө,
Күн көзүн каптап чаң учуп.
Бир кезекте Манастын,
Оңтою келе калдыбы.
Олуя ата шер колдоп,
Оң жылдызы жандыбы?
Аттары ээсин сакташып,
Асмандан каргый жулунду.
Тигинде Манас оёнуң,
Тиреше түшүп бурулду.
Темир куру Канжардын,
Тепчий колго урунду.
Айдалыда чопкут тон,
Апчый кармап капшыра.
Аюу алгандай капталдан,
Алпкаракуш жапшыра.
Алачыктай доңузду,
Ажалына тапшыра.
Туйгун Манас тиштенип,
Туташ күчкө салганы.
Ал Канжаркол баатырды,
Каман азуу, кандуу кол,
Канга тойбос каапырды.
Ала айгырдын үстүнөн,
Каптай жулуп алганы.
Эки бүктөп далдайтып,
Ээр кашына салганы.

Кокурата муунтуп,
Кокого батып бармагы.
Астында аты теңселип,
Артылып таштай салмагы.
Кан буугандай токтолуп,
Канчага салган жаңжалы.
Өө, дегенде каапырдан,
Өжөктөп ооздон кан кетип,
Өлчөөсүз доңуз ат үстү,
Өлүм болуп калганы.
Турган кайнап кышында,
Туздуу булак тушунда.
Ээси - алаткак жар орчо,
Эки каптал кылыч миз,
Эшик ооз тар орчо.
Күңгүрөнгөн туңгуюк,
Күн тийбестин Кара орчо.
Ойго алып шону абыдан,
Оён Манас кабылан.
Нартору башын имерди.
Күр-р эткизип доңуздун,
Өлүгүн таштап жиберди.

# МАНАСТЫН ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ

*Уркаш Мамбеталиевдин*
*варианты боюнча*

Редактору *Б. Романов*
Корректору *У. Исмаилов, А. Абдиева*
Компьютердик калыпка салган Э.*Салиев*

Терүүгө 08.12.2011-жылы берилди.
Басууга 15.12.2011-жылы кол коюлду.
Форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 4,5 басма табак.
Нускасы 1000 даана.

---

"Кут Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68